УДК: 373

Умарбекова А.
*Талас мамлекеттик университети*

# АЙЫЛДЫК БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИН ОКУУЧУЛАРЫНЫН СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮНҮН ЫКМАЛАРЫ

«Эне тилин сүйбөгөн - элин сүйүп жарытпайт» демекчи, эне тил маселеси жеке гана тил жаатындагы эмгектенген инсандарды гана кызыктырбастан, жалпы коомчулукту, ар бир аң-сезимдүү кыргыз атуулун ойго салбай койбойт.Элибиздин эне- тили болгон кыргыз тилинин тагдыры, келечеги тууралуу көптөгөн кыргыз уулдары, илимпоздору, тилчи, адабиятчылары өз ой-пикирлерин коомчулуктун алдында айтып жүрүшөт.

Белгилүү жазуучу Ч. Айтматов «Элди түбөлүк эл кылып турган – анын тили. Ар бир тил өз элине улуу. Биздин ар бирибиз бизди бул жарык дүйнөгө алып келип, эбегейсиз зор байлыкты – өз тилин тартуулаган элибизге түбөлүк милдеткербиз: анын тазалыгын сактап, байлыгына байлык кошушубуз керек» деп жазган. Ал эми мектептерде эне тилинен билим берүү жөнүндө белгилүү окумуштуу К.К.Сартпаев мындай деп жазат: «Эне тили сабагы окуучулардын кругозорун кеңейтип, логикалык ойлоосун өнүктүрөт. Окуучунун жалпы сабаттуу болуп чыгышынын өзү да эне- тили сабагы менен тыгыз байланыштуу, тактап айтканда, бардык жагынан билимдүү болгон кадрларды тил сабагынын жардамысыз даярдоого мүмкүн эмес».

Чындыгында тил – баарынын башаты, тамыры жана өзөгү. Тил – элди эл кылып турган эң башкы касиет. Эл аралык кызматташтык улам күч алып бараткан доордун өткөөл мезгилинде Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болгон кыргыз элинин тилин сактап калуу, коргоо – бул кыргыздар үчүн улуттук, кыргызстандыктар үчүн жарандык парс. Анткени, ар бир улуттун эне-тили ошол улуттун кайталангыс жүзү, жан дүйнөсү.

Жогоруда айтылган ойлор биздин бүгүнкү жашоо турмушта өтө орчундуу маселелердин бири. Азыркы кыргыз жаштары өз эне тилибиздин тазалыгын сактап, байлыгына байлык кошмок тургай, тескерисинче өз тилибизди жерип, же өзгөнүн тилин толук өздөштүрбөй ара жолдо жүрүшөт. Маданияттуу, өз тилинде таза сүйлөмөк тургай, өз тилинде сабаттуу жаза албаган келечектин муундары өсүп чыкты. Мына ушундан улам мектептик билим берүүнүн сапаты жыл өткөн сайын төмөндөп бара жаткандыгына ынандык. Мындай көрүнүш айылдык мектептерде ачык эле байкалгандыгын изилдөөлөр көрсөтүүдө. Бул маселеге көңүл кош карабастан, Кыргызстандын Билим берүү министрлиги айылдык билим берүүнүн сапатын көтөрүүгө өзгөчө көңүл буруп жатат, себеби республикадагы жалпы мектептердин санынын 83% айыл жергесинде жайгашкан. Албетте сапаттуу билим берүү айылдык мектептин эң төмөнкү баскычынан, башталгыч класстан баштап берилүүгө тийиш.

Окуучунун жалпы сабаттуу болуп чыгышы, анын сөз байлыгынын өсүшү да тил маселесине байланыштуу. Андыктан тил - баарынын башаты, тамыры жана өзөгү демекчи, башталгыч билим берүүнүн программасы да эне-тилин окутуп үйрөтүүдөн башталат.

Айылдык башталгыч мектептин эң негизги милдети – окуучуну сабаттуулукка, окуганга, жазганга үйрөтүү. Эгерде, бул иш мугалим тарабынан канчалык жогорку деңгээлде ишке ашырылса, келечекте баланын окуусундагы ийгиликтер мына ошого байланыштуу. Башкача айтканда, окуучунун сөз байлыгы канчалык бай болсо, алардын билим алуу жөндөмдүүлүгү ошончолук жогорулайт.

Эне тилдин эң биринчи китеби – Алиппе китеби, ал сабат ачуу жана сөз өстүрүү болмокчу. Эң биринчи милдет биринчи класстын окуучуларын туура жана аң-сезимдүү окууга үйрөтүү. Мындагы бүткүл окуу материалдары этномаданият таануучулук жана этнопсихологиялык принциптин негизинде берилет. Алар накыл кептер, макал-ылакап,

жорго жана чечен сөздөр, ошондой эле балдардын курак өзгөчөлүгүнө жараша түрдүү мазмундагы жана тематикадагы толгон тексттер менен коштолот.

Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүдө макал–ылакаптар, жаңылтмачтардын мааниси зор. Алиппе китебинде «Аталардын сөзү» деп берилген макал-ылакаптарды мугалим окуучулар менен биргелешип окуп, анын маанисин түшүндүрүп айтып берет. Макал-ылакаптарды окуучулардын жатка айта билүүсү талапка ылайык. Алиппе мезгилинде мугалимдин окутуусунан тышкары, үй-бүлөдөгү окуу да өтө маанилүү. Ата-энелер да балдардын окуусуна жардамдашат. Бул учурда мугалим төмөндөгүдөй ыкманы колдонсо болот: - «Келгиле балдар Алиппе китебинен жаттап, үйрөнгөн макал-ылакаптарыбызды айтып беребиз жана алардын маанисин чечмелейбиз». Окуучулар биринин артынан бири калбай макал-ылакаптарды айта баштайт, алардын маанисине да көңүл бурулат. Мисалы: «Эненин сүтү бал. Баланын тили бал» деген макалды бир окуучу туруп мындай деп чечмелейт. Эненин сүтү бал, анткени бала эненин сүтү менен чоңоёт деп айтса, экинчи бир окуучу мындай деп айтат «Баланын тили бал» - себеби ал эненин бал сүтүн эмген. Чын эле балдар бул макалдын мааниси бизге өтө эле кызык сезилип жатат. Аны ата-энелерибизден сурап–билип көрбөйлүбү, анткени ар бирибиздин энебиз бул макалды жакшы чечмелеп айтып берет болушу керек? Кийинки сабакта балдар ата-энелердин бул макал боюнча айтып бергендерин төкпөй-чачпай айтып келишет. Мында мугалим балдар менен маек кебинен, монологдук кепке өтөт, ал окуучулардын өз оюн байланыштуу кылып жеткире айтып берүүсүнө көңүл бөлөт. Окуучулар эки,үч же андан көп сөздөрдөн сөз тизмектерин жана сүйлөмдөрдү түзүп айтып берүүгө көнүгүшөт.

Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүдө жаңылмач – так сүйлөөнүн, бат айтуунун куралы болот. Жаңылмач уйкаш сөздөрдүн тизмеги менен берилет, тез ойлонуу, бат, так жана жаңылбай айтуу максатын көздөйт.

Мисалы: Бул бал каймак, бал каймак  
Малдан чыкмак ал каймак  
Малдан сүт, май чыкпаса  
Кайдан чыкмак ал каймак?

Көк көпөлөк көк гүлгө конду  
Көп көпөлөк көп гүлгө конду  
Көк көпөлөк көбөйүп учту  
Көп көпөлөк көкөлөп учту.

Кенже мектеп окуучулары өтө кыймылдуу болгондуктан, жаңылмачтарды интерактивдүү оюндар менен байланыштырып айттырууга да болот. Мисалы: «Чоң топтор жана майда топтор» деген оюнду уюштуруп, утулган окуучуларга жаңылмач айттырууга болот. Бул оюндун шарты окуучулар кенен аянтчага чыгып, топ болуп турушат. Мугалим алардын ар бирин майда топ деп эсептээрин айтат, эми менин командам боюнча силер чоң топко айланасыңар. Эгерде, мен 2 топ деп айтсам, анда силер экиден кармашып туруп каласыңар, ким артып калса ал бизге жаңылмач айтып берет. Мына ошентип мугалим бул кызыктуу оюнду баштайт. Ал окуучулардын санына карата ар кандай сандарды атап топ түзө берет. Бул оюндун тарбиялык мааниси бар, ал ылдамдыкка, шамдагайлыкка, тез ойлонууга, бат, так жана жаңылбай аткарууга үйрөтөт. Бул кенже мектеп окуучулары үчүн өтө кызыктуу болгондуктан, алар көп учурда бул оюнду ойноону суранышат. Ал эми мугалим айтат: канчалык тез, жаңылбай жаңылмач айтканды үйрөнсөңөр – бул оюн андан да кызыктуу өтөт. Оюнду тездетүү максатында жаңылмач айта албай калган окуучунун ордуна башка окуучу айтып берип, ал окуучунун кайталоосун талап кылат. Өз ыктыяры менен айткан окуучуга атайын топтун сүрөтү тартылган тегерекчелер берилет. Оюндун аягында жаңылмач айтуунун жыйынтыгы чыгарылып, топтогу «Эң мыкты жаңылмач айтуучу» деген наам берилет.

Башталгыч класста адабий окуу сабагы сабатка үйрөтүүнүн түздөн-түз уландысы

гана эмес, аны менен тыгыз байланышта, биримдикте жүргүзүлөт. Себеби, ал сабат ачуунун алгачкы күнүнөн баштап мугалимдин жана окуучулардын оозеки кебинде коштолуп, Алиппеден кийинки мезгилде улантылат.

Адабий окуу сабагында – көркөмдүк–эстетикалык баалуулук принциби сакталган, анда тематикалык, жанрдык, автордук, мезгилдик, хронологиялык бөлүштүрүүлөр бар. Бирок аталган бөлүштүрүүлөргө таянып, бир жанрдагы чыгармаларды бир жерге топтобостон, аларды жылдын бардык мезгилинде окутууга болот. Мисалы: жомоктор, макал-ылакаптар, табышмактар, жаңылмачтар.

Адабий окуу сабагында окуучулар текстти шар, туура, сезимдүү окуганга жетишүүсү керек. Окуп, түшүнгөнүн кайра айтып берүү, текстеги тиешелүү суроолорго жооп берүү, андагы берилген ойду бөлүп көрсөтүп, окуганын бөлүктөргө ажыратып план түзүп, аны талдап, тексти өзгөртүп өз алдынча чыгарма жаратып, кайра өз чыгармасын китептеги чыгарма менен салыштырууга жетишүү керек. Программадагы мындай талап башталгыч класстын мугалиминен талыкпаган эмгекти, зор изденүүнү талап кылат. Ата-энелердин жардамы аркылуу ийгиликтерге жетишүүгө болот. Эгерде үй-бүлө баланын мектепте билим алуусунун биринчи күнүнөн тартып анын окууга болгон кызыгуусун чакыра алса, мында баланын жалпы өнүгүүсү ийгиликтүү болуп анын инсан катары өнүгүүсүнө шарт түзүлөт. Бирок баарыбызга белгилүү болгондой, айыл жергесиндеги ата – энелер балдардын окуусуна көп көңүл бурушпайт.

Биринчи класстын окуучусу жылдын аягында тексти шар, туура, сезимдүү окуганга жетишүүсү керек. Ал эми экинчи класстан баштап «тездеп окутуу» киргизилип, бир минутада 45-50 сөз, үчүнчү класста 65-70 сөз, төртүнчү класста 85-95 сөздөн жогору окуу талап кылынат.

Айрым ата-энелер окутуу көндүмдөрүнө болгон жогорку талаптарга наразы болушат. Тездеп окутуунун эмне кереги бар?. Тездеп окутууда окуучулар текстин мазмунуна түшүнбөй калат, натыйжада, окутулган чыгарма балага ырахат тартуулабайт, бара-бара баланын окууга болгон кызыгуусу төмөндөйт деп айтышат. Мугалим мындай учурда ата-энелерге түшүндүрүү керек. Кенже мектеп окуучулары туура окуганды билсе, алар шар окууга умтулат, андан ары тез окутууга үйрөтүү керек. Тез окутуунун нормалары балдардын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша белгиленген. Демек тездеп окутуу өз ичине туура, шар жана көркөмдөп окутууну камтыйт. Тездеп окутууда бала көз менен катар кеткен тизмектерди окуп бара жатканда андагы жазылган сөздү гана эстебестен, сүйлөмдөрдү эстеп, окутулган нерсе бат өздөштүрүлөт. Тескерисинче, бала жай окуп ар бир сөзгө токтолсо, ага сүйлөмдү эстеп калуу кыйын болот. Бала китепти канчалык көп окуса, ал ошончо тез окууга жетишет. Тездеп окуу баланын окууга болгон көп мүмкүнчүлүктөрүнө жол ачат, баланын ойлоо сезими өнүгөт жана сөз байлыгы өсөт.

Айылдык башталгыч мектепте окуучулардын жазуу иштерине да өзгөчө көңүл буруу керек. Башталгыч класстын окуучулары тамгаларды эрежелерине жараша туура жазууга, туура улап, ылдам жазууга, так, китептен же тактадан көчүрүп жазууга жана мугалимдин айтуусунда угуп жазуу машыгууларына ээ болуусу зарыл. Ошондуктан, жазуу жүзүндөгү көнүгүүлөрдү үйрөнүүнүн алгачкы учурлары окуучулар үчүн бир кыйла кыйынчылыктарды туудурбай койбойт. Бирок мугалимдин чыгармачыл эмгеги балдарды сабаттуу жазуусуна жол ачат. Мугалим «Орфографиялык эстафета» деп аталган окутуунун интерактивдүү ыкмасын 3-4 - класста колдонсо болот. Орфографиялык эстафета - бул кенже окуучулар менен иштөөдө кызыктуу формалардын бири. Ал окуучулардын коллективде иштөө билгичтигин, логикалык ой-жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүн, ошондой эле эс тутумун өнүктүрүүгө жардам берет. Орфографиялык эстафета аркылуу бир эле мезгилде окуучулардын кыймылга болгон муктаждыктарын тездетилген билим берүү менен айкалыштырып канаттандырууга болот.

Материалдар:

- текст

• барак, калем сап, кызыл түстүү калем сап – ар бир чакан топко бир даанадан.

• Жеңүүчү топко байге

Көнүгүүнүн жүрүшү:

1.Мугалим окуучуларды ар биринде 3-5 адам болгондой кылып чакан топторго бөлөт.

Ар бир топ өзүнүн

• Катчысын;

• 1-3 күлүгүн;

* түзөтүүчүсүн тандайт.

Ушул мезгил аралыгында мугалим бөлмөнүн сыртына 10-30 м аралыкка диктанттын тексттин илип келет. Мисалы, коридордун аягындагы доскага илип койот.

2. Ар бир топко өз алдынча стол берилет. Ал жерде катчы менен түзөтүүчү отурат.

3. Окуучулар мугалимдин берген белгисине карап көнүгүүнү башташат. Топтун милдети - доскадага текстти катасыз көчүрүп жазуу. Күлүктөр доскага жүгүрүп барышып, мүмкүн болушунча текстин көбүрөөк бөлүгүн эсине сактап келүүгө аракеттенишет. Текстти көчүрүп жазууга уруксат берилбейт. Ал эми ар бир катчы өз тобунун күлүктөрүнүн эсине тутуп алып келгендерин жазат.Түзөтүүчү катчы жазган текстти текшерет жана катарларын оңдойт. Бүткөн текстти топ мугалимге берет.

Жыйынтыктап айтканда: Тил- рухий байлык,;

Тил – билим негиздерин үйрөтүүнүн башаты.

Андыктан, айыл мектептериндеги башталгыч класстын мугалимдери менен ата-энелер бул маселеге жоопкерчиликтүү мамиле жасоосу учурдун талабы.

Адабияттар

1. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат.- Бишкек: Кыргызстан, 1988.

2. Захарова А.В., Слободчиков В.И. Младший школьник. –М.: Педагогика, 1981.

3.Сартпаев К. К. Эне тилин окутуу. -Ф., 1982.

4. Башталгыч класстын программалары. –Бишкек: 2000.